**КАРА-СУУ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КАРА-СУЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ**

723300 Кара-Суу ш., Завод к. 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

723300 г.Кара-Суу, ул.Заводская 2
тел.: 03232-50880, факс: 03232-50880
e-mail: adm30-1@shailoo.gov.kg
adm30-2@shailoo.gov.kg

# №10 ЧЕЧИМ

2021-жылдын 2-апрели | Кара-Суу шаары

Катышышты:
Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов,
Кара-Суу АШКнын катчысы – Ж.Молдожанова
мүчөлөрү - Султанов Н., Мойдунов Т., Раева Ы., Кадыров К., Таев А., Абдраимова Э., Абдурасулов М., Айдаров М., Мамашев М.

**Күн тартиби:**

1. **Нариман айылдык кеңешинин талапкерлеринин үгүт иштери боюнча материалды кароо боюнча.**

**Угулду:** Кара-Суу АШКнын төрагасы К.Кимсанов – Урматтуу кесиптештер, 2021-жылдын 31-мартында Кызыл-Кыштак айылдык кеңешине талапкерлер О.Токторалиева, Г.Мирзакаримова талапкер К.Паизов үгүт материалын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузуу менен даярдап, таркатып жатат деп билдирген.

Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясы талапкер К.Паизовдон түшүнүк кат алып, түшүндүрүү иштерин жүргүздү. К.Паизов өз маалыматында 50 даана чөнтөк календарын даярдатканын, мыйзам талаптары аткарылбай калгандыгын, мындан ары үгүт иштерин мыйзам чегинде жүргүзөөрүн билдирди.

Жогорудагылардын негизинде, үгүт иштеринде Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо” жөнүндөгү Мыйзамынын талаптары сакталбагандыгына байланыштуу талапкер К.Паизовго эскертүү берүү сунушу добушка коюлду.

Сунуш добушка салынды:

**Макул – 11,** **Каршы – жок.**

Сунуш бир добуштан кабыл алынды.

**Кара-Суу АШКсы күн тартибиндеги маселени талкуулап**
**Чечим кылат:**

1. Кызыл-Кыштак айылдык кеңешинин депутаттыгына талапкер К.Паизовго үгүт учурунда кетирген кемчиликтери үчүн эскертүү берилсин.

2. Чечимди аткаруу жагы Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы Ж.Молдожановага милдттендирисин.

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы** **К.Кимсанов**

**Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы** **Ж.Молдожанова**